# Жесирге жана жардыга жардам берген адам Аллах жолунда жихад кылгандай же түнү туруп намаз окуп, күндүзү орозо кармагандай (сооп-сый алат)

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жесирге жана жардыга жардам берген адам Аллах жолунда жихад кылгандай же түнү туруп намаз окуп, күндүзү орозо кармагандай (сооп-сый алат)".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун), күйөөсү өлүп, ага каралашар эч кими жок аялга жана муктаж болгон жардыга жардам колун сунуп, Алла Тааладан сооп үмүт кылып аларды каржылган киши, Аллахтын жолунда жихадга чыккандай, же чарчабастан түнү тахажуд намазын окуган, күндүзү оозун ачпай орозо кармаган адамдай сооп-сыйга ээ болорун кабарлаган.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee